DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Көлбаева З.И.*

# ОРМОН ХАН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНДА

*Көлбаева З.И.*

# ОРМОН ХАН В ИСТОРИИ КЫРГЫЗОВ

*Z.I. Kolbaeva*

# ORMON KHAN IN THE HISTORY OF THE KYRGYZ PEOPLE

*УДК: 94(575.2)*

*Кандай гана эл болбосун анын басып өткөн жолу, жашап өткөн өмүрү бар. Ал өмүрлөр тек гана эскирип дат баскан идиш сымал эмес, ал өзүнүн бай тажрыйбасы менен соңку урпактарга бүтүндөй таалим. Б.з.ч 106-43-жылдарда жашап өткөн байыркы римдик жазуучу, саясий ишмер, чечен Марк Тулий Цицерон "Турмуштун насаатчысы-тарых" деген. Өз заманынын аалымы Цицерон тарыхка туура баам салып, аны терең түшүнүп анан жогоруда аталган жыйынтыкка келгендир. Баардык элдин тарыхындагы улуу инсандар ошол элдин улут болуп калыптанышында чоң роль ойношот. Бул макалада кыргыз элинин XVIII-XIX кылымдардагы коомдук жана саясий ишмери, кыргызды бириктирип, бирдиктүү мамлекет курууга аракет кылган Ормон хандын өмүр таржымалы, элди бириктирүүгө жасаган аракети, ошондой эле казактардын чапкындары, Кокон хандыгынын кыргыздарга жасаган саясаты жана кыргыз элинин турмушу баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *баатыр, баскынчы, чабыш, уруу, эрегиш, жортуул, жоо, тебетей, кийиз, хан, ууру, кишен.*

*В статье анализируются актуальные вопросы истории кыргызского народа, в частности, историческая роль Ормон хана в становлении и развитии кыргызской государственности. Общественная и государственная деятельности Ормон хана вызывает большой интерес со стороны историков. В статье анализируется государственная деятельность Ормон хана, которая сыграла большое значение в обьединении кыргызских времен. Он всю свою жизнь посвятил вопросам единения кыргызов. В статье освещаются политические процессы в VIII-XIX веках в общественной жизни кыргызов. Широко рассматриваются место и роль Кокандского Ханства и его политика по отношению к кыргызам. Значительное место отводится на взаимоотношение казаков с кыргызами. Уделяется особое внимание на обьективные и субьективные факторы, которые сыграли большую роль в единении кыргызских племен.*

***Ключевые слова:*** *герой, захватчик, нашествие, шапка, кошма, хан, племена, ханство, посол, налог, бай, раб.*

*In this article deals with the analyzes the current issues of the history of the Kyrgyz people, in particular, the historical role of Ormon Khan in the formation and development of the Kyrgyz state. Public and state activity of Ormon Khan is of great interest from historians. The article analyzes the state activity of Ormon Khan, which played a great role in the unification of the Kyrgyz times. He devoted his whole life to the issues of unity of the Kyrgyz. The article highlights the political processes in the VIII-XIX centuries in the public life of the Kyrgyz. The place and role of the Kokand Khanate and its policy towards Kyrgyzstan are widely considered. A significant place is given to the relationship of the Cossacks with the Kyrgyz. Special attention is paid to the objective and subjective factors that played an important role in the unity of the Kyrgyz tribes.*

***Key words:*** *hero, invader, invasion, hat, Mat, Khan, tribes, khanate, Ambassador, tax, Bai, soldier.*

Кыргыз элинин тарыхында өз өмүрүн эли-жери үчүн арнап, бүтүндөй жашоосун ата-журттун бейпилдиги, калың элдин тынччылыгы үчүн арнаган эр-азаматтар арбын болгон. Дал ошол баатырлар, элдин бүтүндүгү үчүн кам көргөн ата-бабаларыбыз бүгүнкү кыргыз элинин бирдиктүү улут болуп калыптанышына опол тоодой салым кошушкан. Кыргыз тарыхындагы улуу инсандардын ар биринин орду биз үчүн баалуу.

Айтылуу курама жыйып журт кылган, кулаалы таптап куш кылган "Манас" атабыздан баштап бүгүнкү күнгө чейинки улуттун улут болуп калыптанышында чоң роль ойногон инсандар тарыхыбызда алтын тамгалар менен жазылып калды. Кайсы гана элдин тарыхына баш бакбагын ал элдин сөзсүз душмандан коргоочу баатыры, элди башкарган жетекчиси, акылман - аалымы болот. Мына ушундай кыргыз тарыхындагы элдин эртеңи үчүн кам көргөн инсандадын бири Ормон Ниязбек уулу.

Ормон Ниязбек уулу 1791-жылы Чүй боорундагы сарыбыгыш уруусунун тектүү уй-бүлөсүндө Жылгын башы деген жерде туулган. Атасы Ниязбек, чоңатасы Эсенгул болгон. Ниязбектин сегиз уулу болуп, алардын баары журт башкарган. Өзгөчө Ормон тарыхта чоң орунду ээлейт. Ал бала күнүнөн чыйраак, беттегенинен кайра тартпаган, өтөбаамчыл, алп денелүү, чап жаак, көргөн адам сүрдөгүдөй бүркүт кабак жигит болгон деп тарыхый булактарда жазылат. Ормон хан XIX кылымдын ортосунда Түндүк Кыргызстанды бириктирип, уруулар арасындагы ынтымакты чыңдап, өз алдынча мамлекет түзүүгө аракеттенген. Уруу башчыларынын эрегишүүлөрү, сырткы душмандардын жортуулдары аны эгемендүү мамлекет түзүү үчүн аракет кылуусуна түрткү болгон.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ормон хан 18 жашынан жоого аттанып, эрдик көрсөтүп, 25 жашынан эл бийлөгөө киришип, 37-39 жаштарында бүткүл арка кыргыздан өкүлдөр чакырылып, Кочкордун аягы Орто-Токойдо жыйын кылып, элге Ормондун айтканы:” Кыргыз мындай бет алды баш-аламан болуп жүрбөйлү, кыргызда бир киши эле кызыл тебетей болсун, ушул кызыл тебетей ким болсун,атын атагыла” дегенде, эл кеңеш бестен жапырт:” сиз болуңуз” деп башына кызыл тебетей кийгизип, ак кийизге салып хан көтөргөндө Ормондун айтканы: ”Мал башы бурулбастан ууру жоголсун, кишенге ат салынбасын, кокус мал уурдалса, бирге тогуз төлөсүн, эрдин куну Чаң тийбес баштаган 300 жылкы болсун”, - деп элди тараткан [1,1].

Б.Солтоноевдин жазгандарына караганда бул 1830-1831-жылдарга туура келет. Айрым бир маалыматтарда сарыбыгыштын чоң манабы Ормон, Кокон хандыгындагы ич ара чыр-чатактан пайдаланып,1840-жылдын башында азыркы Балыкчыга жакын Кызыл-Токой деген жерде сарыбыгыш, бугу, аяк, солто, саруу, кушчу, черик жана башка урууларынын башчыларын чогултуп, курултай өткөргөн. Анда Кокон хандыгынын элчилери да келишкен. Тогуз бээ союлуп, Ормонду ак кийизге отургузуп, хандык белги катары баалуу кызыл тебетей кийгизишип, хан көтөрүшкөн [2,4].

Бул эки маалымат тарыхый фактыларга таянылып, далилденип жазылган. Кандай болгон күндө да Ормон манап “хан” аталгандан кийин хандыкта ички - тышкы ошондой эле аскердик тартип орногон. Тарыхый булактарда хандыктагы ички тартипти саяк уруусунан Алыбек баатыр тейлесе, тышкы жоого каршы кол баштоого Төрөгелди баатыр дайындалган.

Ормон хан өтө катаал, залим хан болгон деп айтылат. Анын тушунда бүтүндөй түндүк кыргыз уруулары оор салыктарды төлөп турушкан. Негизинен жоокерчилик заманда бай-манаптар, уруу башчылары, феодалдар карапайым калкты эзип, кул-күң жумшап, аларды байгеге сайып ж.б.у.с. кордуктарды көрсөтүп турушкан. Ормон хандын тушунда да карапайым калктын абалы оор болгон. Салыктар салынып, убагы менен алынып турган. Сарыбагыштардын жерине соодагер келсе, Ормондон уруксат сурап, малына баа койдуруп, анан элди аралап соодасын кылган. Сарыбагыштардын жери аркылуу башка тараптарга соодагерлер өтсө да Ормонго ийилиштүү болуп, анын өзү же кишилери соодагерлерден каалаганын алган. Ормон хандын алдында дайыма 30-40 мылтыкчан мергени болуп, балдарын, жигиттерин мергенчиликке көнүктүрүп, үйрөткөн деп айтылат.

Ормон хан малга өтө жакын болгон. Өзү эл башкарган билерман болсо да, мал туулганда козуну өзү алып, өзү салып, музоону, кулунду да өзү караган. Канчалаган конок келсе, алардын аттарын көбүнчө отко өзү койгон. 4-5 миң кой, 2 миң жылкысы болгон. Намаз окубаган, кышында дайым бозо ачытып ичкен. Бабалары Эсенгул, Ниязбектен калган алтын, күмүш, асыл буюмдары, мүлкү көп болгон. Келген соодагерлер кандай гана мүлк болбосун таңгагын чечпестен бекер берип турган. Кедейден, букарадан алыксалыкты аёсуз, эсепсиз алган. Үйүнө барган киши союшсуз, тим болбосо чаначтаган бозо, көөкөрдө араксыз бара албаган [3,1].

Ормондун өтө катаал башкаруучу болгондугун төмөндө дагы бир мисалдан байкасак болот. Соң-Көлгө барып, саяктын бир манабынын үйүндө отуруп:” Ээ саягым, Соң-Көлдү мага көрсөтпөй, уурдап жеке жайлап жүрүпсүң”, - деп, бул үчүн 70 семиз ат айыпка жыккан [4,1].

1845-1847-жылдардагы казактардын улуу жүзүнүн ханы Кененсарынын кыргыздарга жасаган чапкынында Ормон хандын жасаган эмгеги зор. Казактар менен согуштагы Ормон хандын жасаган айла-амалдары эл ичинде “Ормон опуза” деп аталып калган. Бул согуштарда кыргыз колун Ормон хан, Жантай, Жангарач жетектеген. Ормон хан өзүнүн колбашчылык айлакердигин, согуштук тактиканы мыкты билгендигин көрсөтүп, казактардын үстүнөн жеңишти камсыздаган.

Өзү келип катылып, тынч жаткан элди ырайымсыздык менен кырган Кененсары хандын колу талкаланып, Кененсары хан жана казактардын 32 султаны өлтүрүлгөн. Орустарга чоң каршылык көргөзгөн Кенесарынын колун талкалагандыгы үчүн орус өкмөтү Ормон ханды “подполковник”наамы менен жана Жантайды алтын медаль, алтын жип менен саймаланган чепкен менен сыйлаган.1847-жылдын 22-августунда казактардын Копал чебинде орус өкмөтүнүн ортомчулугу менен кыргыз-казак элинин ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн [5,3].

Ормон хан ошол учурдагы саясий абалды туура баамдап, Россия Империясына көбүрөөк ыктаган. Кененсары Касымовдун орустарга каршы биргелешип согушуу үчүн жөнөткөн элчилигин бир жактуу жоопсуз калтырганы да анын орустарга карата туура көз карашта болгондугун далилдейт. Кыргыз урууларынын биримидиги жоктугун жакшы түшүнгөн Ормон хан Кокон хандыгына каршы туралбасын жакшы билген. Ошондуктан орустарга ыктоону туура көргөн. 1842-1848-1851-жылдары Ысык-Көл,Чүйдөгү кокон сарбаздарына оор сокку урган. Анжиян, Фергана, Алайдагы кыргыз урууларынын билермандары Ормон хан менен жакшы мамиледе болуп турушкан. Кокон хандыгы Ормон ханга кысым көрсөтүүгө батынган эмес. Ага Кокон хандыгы тарабынан “парваначы” деген наамдын ыйгарылышы жана атасы Ниязбектин ашын өткөрөөрдө Кокондун ханына: “Кырк кыпчак, кырк бычак берсин, атамдын ашына эт

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тууратамын" деп алдырганы анын Кокон ордосундагы аброюнун жогору экендигинен кабар берет.

Ормон Ниязбек уулунун ордосу Ысык-Көлдүн түндүгүндөгү Байсоорунда жайгашып, жүз баштуу ак өргөөсүндө туусу желбиреп турган. Кененсары менен кармашта жетишкен жеңишти ал өз бийлигин чыңдоо үчүн пайдаланган. Ормон хан Кырыгз хандыгынын чектерин тактоо үчүн 1852-1853-жылдары казактар менен чектеш Иле дарыясынын оң тарабын ээлеп, хандын ордосун ошол жакка көчүрүүгө да аракеттенген.

Кыргыз тарыхындагы аалым-ойчулдардын бири Калыгул Бай уулу Ормондун акылман кеңешчиси, жол көрсөтөөр насаатчысы болгон. Балким Ормон хандын акылмандык менен иш кылып, көрөгөчтүк менен эл башкаруусу жогоруда аталган ойчулдун айткан кеңештеринин, андан алган таасиринин үзүрү болушу да толук ыктымал. Ормон элдин сабатсыздыгын жоюуга да аракеттенген. Анжиян, Наманган-дан молдо алдырып, балдарды окуттурган. 1825-1830-жылдары "Жооп нааме" деген китеп жаздырган.Анын мыйзам жыйындылары элге "Ормон окуу" деген ат менен белгилүү болгон Бул мыйзам жыйнактарда элди тартипке салуу үчүн бир канча мыйзамдар киргизилген. Мисалы: манапты өлтүргөн, кайыёдуу кызды ала качкан, үч жолу уурулук менен кармалгандар дарга асылган жана башка [6,4].

Белек менен Маматкулдун бузугунан башталган бугу-сарыбагыш урушу Ормон хандын тушунда деле басылган эмес. Тескерисинче Ормондун бирдиктүү мамлекет курууга жасаган аракетине чоң жолтоо болгон. Эгерде Түндүк кыргыз уруулары бирдиктүү болуп, бир адамдын бийлигине баш ийгенде ошол убакта эле кыргыздар тыштан келген душманга туруштук берип, көз карандысыз мамлекет курууга жетишиши да мүмкүн эле. Канчалык аракет кылганы менен кыргыз бийлеринин башы бириккен эмес.

Бүт өмүрүндө элди каары менен башкарып турган Ормон хандын жашоосу эң өкүнүчтүү аяктаган. Ал көздөгөн максатына жетпестен, өз букаралары тарабынан өлтүрүлгөн. Тарыхый булактарда Ормон ханды бугу уруусунун баатыры Балбай өлтүргөн деп айтылат.

Айрым бир маалыматтарда бул тескерисинче. Эмгек ардагери Асанбек Акматалиев Ормон ханды Балбай баатыр өлтүрбөгөндүгүн, анын өлүмүнө белек уруулары себепчи болгондугун далилдөөгө аракет кылып,"Балбай Бурут эмес же Ормон хандын өлүмү" деген макаласын жазган. АлАалыке молдонун жазгандарына таянган. Аалыке молдо Чоң-Кемин өрөөнүндө сарыбагыш уруусунун Жантай бутагынан, токтаалы уруусунан. Аалыке молдо өмүр бою кыргыз-казактын санжыра тарыхын изилдеп жазып жүргөн. 1923-жылы ал өлгөндөн кийин совет өкмөтүнөн корккон анын туугандары анын эмгектерин өрттөп жиберишкен. Алардын ичинен Ормон хандын өлүмү жөнүндө өз көзү менен окуган Аалыкенин жакын тууганы Зулпукадыр молдо 1953-жылы А.Акматалиевге айтып берген. Аалыке молдонун жазгандары боюнча Ормон ханды белек уруусунун бирөөнө казак султаны Тезек төрө өлтүрткөн. Ошондо Алматы аймагындагы казактар "көксөөбүз сууду, Кененсары султандын куну алынды, кыргыздын ханы Ормон өз букаралары тарабынан өлтүрүлдү..." деп Ормондун өлүмүн майрамдашкан. Аалыке молдо бул маалыматты 1900-1904-жылдары Алматы аймагындагы казак карыяларынан жазып алган.

Токойлуу уруусунун башчысы Балбай баатыр Россиядан алган сыйлыктарына карабай, ал орустарга баш ийгиси келген эмес. Бугу уруусунун бийлери Боромбай, Муратаалы менен да өз ара мамилеси келишкен эмес. Бирок, бугу уруусуна душмандан корккунуч болсо, бугунун намысын коргогон, элим деген баатыр болгон.

Бугулар менен болгон келишбестиктен улам, Балбай айылы менен Шинжандагы Текес суусунун боюна көчүп кеткен. 1864-жылы Чыгыш Түркстандагы Цинь-Манчжур ээзүүсүнө каршы боштондук кыймылга катышкан. Көтөрүлүштөн пайдаланып Сүмбөдөгү калмактардын бутпарастык кечил канасын талап-тоношкон 1867-жылы жазында полковник Полтарацскийдин кошууну Текеске келип, Балбай баатырды туткундаган. Аны Верныйга алып барып, түрмөгө камашкан. Ал күзгө маал ошол жерде өлгөн [7,4].

Кыргыздын алгачкы тарыхчысы Белек Солтоноевдин "Кызыл кыргыз тарыхы" деген эмгегинде Ормон хандын өлүмү төмөндөгүдөй баяндалат.

Бугулар Кудургу, Дөң-Булакта көктөп жаткан Ормондун малчысын чаап алып, 1000 субай коюн айдап кетет. Муну уккан Ормон тор бышты асый минип 60, башка маалыматтарда 100 киши менен күн жаап турганда аттанып чыгып, Ишин-Атадагы жолун үстүндөгү чоң дөбөгө келип отурган. Миңге жакын бугу, саяк Ормондун алдын тосуп бууп калган. Кудургунун дөңүнө Алыбек кароол карап чыгып, Ормондун артында колу жок экен деп бугуга кабар бергенде бугулар, саяктар жапырт атка минип, каракелте менен Алыбек атканда, огу Ормондун алдына түшкөндө, каракелтенин огу экен деп сарыбагыштар таанып, бугу, саяктын шуйку жаман кетели деп Адыл эки мертем айтканда,"ээ..."деп коюп отура берген. Бугу менен саяктар келип, курчап калганда ак сур ат менен элди жара качырып чыгып, Адыл качып кутулган. Ормондун Сейилкан деген баласы тоого чыга качып кеткен. Ормондун жанында койчусу жана Көрөгөч деген тамакчысы гана калган. Бугулар Ормондун көйнөк,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дамбал, байпагын коюп башкасын тоноп алган. Боронбай келип салам бергенде алик албаган," жараңыз куттуу болсун",-дегенде унчукпаган, үстүндөгү ак кементайын жапканда кийбеген. Боронбайдын уулу Өмүрзак (Ормондун күйөө баласы) кара кашка ыпчасын жапканда кийген. Боронбай баш болгон бугулар кеңешип, Ормонду ызыттап кайтармакчы болгондо Алыбек:" Бул тындым деген киши, өлтүрбъсъңөр жанынар тынбайт" деген. Боронбай айылга алып жүргүлө дегенде Ормонду атка колтуктап мингизип жаткан Балбай бычак менен бир кабарда найзанын учу менен колтукка сайып алган [8,1].

Жогоруда аталган эки маалыматты алып карасак, тарыхтагы орду чоң Ормон хандын өлүмү боюнча эки көз караш жаралып отурат. Бул эки маалыматтын бирисин туура деп экинчисин жокко чыгара албайбыз. Анткени, жогоруда аталган маалыматтарды бизге калтырып кеткен авторлор сөзсүз түрдө тарыхый фактыларга таянып туруп анан жазган. Ошентсе да ача пикирди жаратып жаткан хан Ормондун өлүмү дагы да изилденип, такталышы керек.

Ормон хандын өлүмүнөн кийин бугу-сарыбагыш арасы андан бетер татаалданган. Бугу менен саяк Ормонду өлтүргөндөн кийин эле Каркырага көчүп барып жайлап калышкан. Ормондун уулу Үмөтаалы атасынын кунун кууп бугу менен саякка тынчтык бербей, элдин канын суудай агызып, талап-тоногон. Алардын Каркырага көчүшүнө да ушул себеп болгон. Эки тараптан сүйлөшүүлөр жүргөндө сарыбагыштар кундан мурун кыздын кызылына кырк кыз, катындын карасына алтымыш катын, Ормондун куну үчүн 1000 төө, 3000 жылкы, бугу, саяктан тогуз сулуу кыз, кырк күлүк, жети эрдин каны жана көл айланасынан чыгып кетишсин деген кун коюшкан. Бугулар муну угуп андан көрө Кытай тарап кетпейбизби деп тарап кетишкен.

1854-1855-жылдар аралыгында сарыбагыш менен бугу, саяк урууларынын ортосунда эки ирет чоң согуш болгон. Сарыбагыштардын колун Үмөтаалы менен Төрөгелди баатыр баштаган.Алар бугуларды көптөгөн кыргынга учураткан. Акыры бугулар Россия Империясынын букаралыгына өтүү менен сарыбагыштардын чапкынынан кутулушкан.

Ар бир элдин тарыхына кылчайсак ошол элдин тарыхында орду чоң инсандар учурайт. Алар эл үчүн жанын курман кылган касиетке ээ болушат. Кыргызстандын тарыхындагы улуу инсандарды атап кесек: Барсбек, МухаммедКыргыз,Тайлак баатыр, Бишкек баатыр, Жайыл баатыр Алымбек Датка, Курманжан Датка, Атаке баатыр, Жантайхан, Шабдан баатыр, Байтик баатыр ж.б. санай берсен кыргыздын эл баштаган, журт баштаган билермандары абдан эле көп.

Темабыздын негизги каарманы Ормон Ниязбек уулунун аты да тарыхта бекеринен жазылып калбаган. Чыңгыз хандан калаганбы айтоор баардык башкаруучулар элди ырайымсыздык менен башкарып келишкен. Жоокерчилик замандын шартына жараша хандар басып алган аймагын катуу залимдик менен башкарып турушкан. Ормон хан да өз букараларын өтө катуу тартип менен башкарган. Эл ичинде аны залим хан деп аташкан. Ормондун бийлигине түндүк кыргыздары бүтүндөй баш ийишкен. Айрым уруу башчылары анын бийлигин таанығысы келбесе да ачык каршылык көрсөтө албай, ийилиштүү болуп жашашкан. Тарыхый булактарда Ормондун ата-теги баары эл башкарган манаптар болгон. Эсенгул, Ниязбек элди алаканында мыжыгып башкарса да эл ичинде аларга аз-маз каяша айтуу болгон. Өзгөчө Ормондун тушунда эл "лам" деп ооз ача албай, эч каяшасыз баш ийишкен. Балким ушундай каардуулугу менен ган Ормон хан өмүрүнүн акырына чейин элди бирдиктүү башкарып тура алган.

Ормон хандын каардуулугу, залимдиги, айлаамалы, опузалары жөнүндө эл ичинде айтылып жүргөндөрүнөн бири-экин мисал кылып айта кетели:

1) Ормонду хан көтөргөндө бугунун бир манабы чакырыкка келбей жатып келгенде Ормон:" Тээтиги Ачарстанды (Төрөгелди) оозунан ноктолоп алып жүрөмүн, мойнундагы чынжырын алып кое берсем он эки айры бугу сени Иледен өткөрүп жибербейби",– деп тизесин мыкчып турганда тиги манап отура албай титиреп турган.

2) Кененсарыга келгенде Ормон анын жиберген кишилеринин көзүнчө: "Бүгүн тынч жай-жайыңарга жата бергиле. Согушуңарды койгула, эртеге казактын канчасы болсо да тең бөлүп беремин", - деп элди тараткан.

3) Кашкарга караган чоң багыш, черик кыргыздарынан элчиликке киши келгенде сенин ишенгениң Кашкарбы, сөлпөөр менен ыргыта коемун деп каарданганда, алар көп тартуусун берип, кечирим сурап, ынтымакташышкан.

4) Кокон ханынан, Кашкардан элчи келгенде алардын жолунан беш-алты жерден 40-50 жабдыктуу жигиттерди тостуруп, өлтүрөбүз деп кубалатып, эсин эки кылып, Ормондукуна келгенче катуу жүргүзүп, кайта кетээрде да ошондой кылып жөнөткөн экен [9,1].

Жогоруда аталган Ормондун опузалары эң эле көп айтылат. Дал ушул опузалар Ормондун эл ичинде "кызыл тебетей" атантып, каардуу башкаруучу деген атка кондурган.

Советтик Чыгыш изилдөөчүлөрдүн ириси – академик В.В.Бартольд кыргыздарды Орто Азиянын эң байыркы элдеринин катарына кошот.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргыздардын пайда болушунун байыркылыгы, алардын ары татаал ары катаал тарыхый тагдыры, Борбордук Азия жана Орто Азия цивилизацияларынын жетишкендиктерин камтыган жана дүйнөлүк маанидеги элдик, баатырдык “Манас” эпосунун жаралышына алып келген өзгөчө маданияты-мына ушунун баары кыргыздын тарыхынын тереңдигин, элибиздин байыркылыгын, улуу эл экендигибиздин чоң далили. Тарых барактарында б.з.ч. 201-жылдан баштап эскерилген кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин түрктөргө, карахандарга, монголдорго, моголдорго, калмактарга, казактарга, орустарга ж.б. элдерге кошулуп, аларга кээде көз каранды болуп жашап келсе да табиятынан өжөр, тайманбас, эр жүрөк элибиз эч качан бирөөгө баш ийип тынч жаткан эмес. Дайыма эркиндик үчүн тынымсыз согуш жүргүзүп келген тынчы жок эл болгон. Ошондой эле кыргыздар Кыргызстандын тарыхынын гүлдөгөн мезгили болгон “Улуу Дөөлөттү” да түзө алышкан” “Моголистандын токой арстандары” деген ардактуу атка ээ болгон кыргыздардын тарыхы эң эле улуу тарых болуп саналат.

“Өткөндү баалоо – нагыз маданияттын белгиси”,– деп Ф.Энгельс айткандай аталардын басып өткөн жолун ардактап, тарыхыбызды аздектей билүү бүгүнкү күндүн негизги талабы.

**Адабияттар:**

1. Белек Солтоноев “Кызыл кыргыз тарыхы” (210-211-214-242-243-бб.). - Бишкек, 2017.
2. Белек Солтоноев “Хандардын согушу”. - Бишкек, 2016.
3. Жамгырчинов Б. “Кыргыздар Ормон-хандын доорунда”. - Бишкек, 1998.
4. Жапаркул Токтоналиев “Хан Ормон”. - Бишкек, 2013.
5. Ильяс Эсенберлин “Хан Кене”. - Москва, 1971.
6. Качкынбай Осмоналиев “Көчмөндөр кагылышы”. - Бишкек, 1993.
7. ”Кыргызстандын тарыхы” 2-том. - Бишкек, 2017.
8. Осмонов Ө.Ж. “Кыргызстан тарыхы” (84-85-бб.). - Бишкек, 2017.
9. Саалаев Ө. “Кыргыз элинин тарыхый инсандары” (82-83-102-104-бб.). - Бишкек, 2018.

**Рецензент: к.и.н., доцент Зулпуева Р.Ж.**